УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.33
**Ибраимов К.**
**К. Карасаев атындагы БМУ**

## АРМАН ЫРЛАРЫ

**Кыскача мазмуну:** Элдик оозеки поэзияда эбактан эле өз ордун таап, калыптанып, өнүгүп келген жанрлардын бири – арман ырлары. Анда жеке адамдын башына түшкөн ички муң-зары, азапка салган арманы баяндалат. Тематикалык мазмунуна карай негизинен үч топко бөлүнөт: биринчиси, коомдук-социалдык теңсиздиктен улам жаралган болсо, экинчиси, жеке адамдын өмүрүнө, жашоо-тагдырына байланыштуу. Үчүнчү топтогу арман ырлары кандайдыр бир кайгылуу тарыхый окуялардан, турмуштук кырдаалдардан улам пайда болот. Ошондуктан макалада социалдык тенсиздиктен жаралган жокчулуктан арманы, кор болгон кыздардын арманы, жеке адамдын өмүр-тагдырына байланышкан карылык арманы, кесел, майып, сокур адамдардын арманы, баласыздык арманы, жалгыздык арманы, жетимдик арманы сыяктуу армандар жана да трагедиялуу турмуштук кырдаал, тарыхый окуялардан улам пайда болгон ар түркүн арман ырлары иликтөөгө алынат.
**Түйүндүү сөздөр:** фольклор, жанр, арман, жокчулук, кыздардын арманы, карылык, майып, сокур, баласыздык, жалгыздык, жетимдик, трагедия, тарых, изилдөө.

**Ибраимов К.**
**БГУ имени К. Карасаева**

## ПЕСНЯ ЖАЛОБЫ

**Аннотация:** В устной народной поэзии кыргызского народа одним из развитых жанров являются песни-арманы (песня-жалоба). В них повествуются личные переживания, внутреннее состояние, пережитое горе человека, трагические события в жизни общества и страны. По тематическому содержанию такие песни делятся на три группы: песни-арманы о социальном неравенстве в обществе; песни-арманы, связанные с личной жизнью человека и его судьбы; песни-арманы о трагических событиях в истории страньи общества. В связи с этим в данной статье исследуются песни-арманы о социальном неравенстве и бедности, о бесправном положении девушек в обществе, о болезни, о незбывшихся надеждах, о грустных мыслях при воспоминании о минувей молодости и сожалении о наступившей старостьи, о жизни незрячих, бездетных людей, об одиночестве, о сиротстве, а также песни о трагических событиях жизни общества и самого человека.
**Ключевые слова:** фольклор, жанр, жалоба, сожаления, бедность, девушки и их жалобы, старость, инвалидносит, незрячий, бездетность, одиночество, сиротство, трагедия, история.

**Ibraimov K.**
**BSU named after K. Karasaev**

## SONGS OF DISAPPOINTMENT AND SADNESS

**Abstract:** In the oral folk poetry of the Kyrgyz people, one of the developed genres is song-armans (song-complaint). They narrate personal experiences, inner state, experienced grief of a person, tragic events in the life of society and the country. According to the thematic content, such songs are divided into the three groups: songs-armans - about social inequality in society; songs-armans connected with the personal life of a person and his fate; songs- arman about tragic events in the history of the country and society. In this regard, this article explores songs- armans about social inequality and poverty, about the powerless position of girls in society, about illness, about unfulfilled hopes, about sad thoughts remembering past youth, and regret about present old age and about the life of the blind person, childless people, loneliness, orphanhood, as well as songs about the tragic events in the life of society and the person himself.

**Keywords:** folklore, genre, complaint, regrets, poverty, girls and their complaints, old age, disability, blind, childlessness, loneliness, orphanhood, tragedy, history.

Кыргыз эл ырларынын курамында байыртан бери жашап, өз алдынча жанр катары калыптанган ырлардын бири – арман ырлары. “Бири кем дүйнө”, “армансыз дүйнө жок” дейт элде. Адамзат жашоосун маңдай жарган кубаныч менен бирге жүрөк эзген арман, кайгы-муң дайыма коштоп жүргөн. Бул – бардык мезгилде, бардык учурда боло келген мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан арман ырлары элдик оозеки поэзияда эбактан эле өз ордун таап, өнүккөн жанр. Ар кандай кырдаал-шартка карата лирикалык каармандын муңга толгон ички кайгысы, күйүтү арман ырын жаратат. Лирикалык каарман өз башынан өткөн окуяларды тизмектете баяндап бергендиктен айрым арман ырларына “сюжеттик элементтер” мүнөздүү [6.8-б.]. Демек, жеке адамдын ички кайгы-муңун, күйүтүн, орундалбаган ой санаасын, өкүнүчүн баяндап муңдуу обон менен ырдалган ырларды арман ырлары десе болот. Айрым учурларда комуздун коштоосунда да ырдалган. Арман ырлары мазмуну жагынан кошок жанрына өтө жакын. Бирок, кошокто көз жумган башка бирөө, жакындарынын күйүтү жөнүндө айтылса, арман лирикалык каармандын өзүнө тиешелүү, аткаруу манерасында да айрымачылыктар бар.

Мындай ырлар кыргыз фольклорундагы башка чыгармалар сыяктуу эле өткөн кылымдын 20-жылдарынан тарта эл оозунан кагазга түшүрүлө баштаган. Ошондон бери топтолгон кол жазма түрүндөгү материалдардын негизинде бир катар ыр жыйнактары даярдалып, басылып чыккан. Алардын айрымдарында, маселен “Кыргыз эл ырлары” (1967) менен “Кыргыз поэзиясынын антологиясында” (1980, 1999) арман ырларына өзүнчө бөлүм ыйгарылган. Ал эми “Эл адабияты” сериясында жарык көргөн “Арман ырлары жана Ак Мөөр” (22-том, 2003) жыйнагында болсо арман ырларынын дээрлик бардык түрүн тематикалык принципте кеңири жарыялоого мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Арман ырларын изилдөө иштери болсо, 1940-жылдардын башынан тарта колго алынган. М. И. Богданова, З. Бектенов, Т. Байжиевдин эмгектеринде арман ырларынын айрым үлгүлөрү жарыяланган, алгачкы иликтөө иштери жүргүзулгөн. Кийинчерээк С.Мусаев, Ж.Таштемиров, С.Закиров, А.Токомбаева, М.Мамыров, А.Абдыразаков сыяктуу белгилүү окумуштуулардын эмгектеринде ар башка жанрлардын катарында арман ырлары да кайсы бир деңгээлде изилденген эле. 2002-жылы Ж.С.Байтерекова арман ырларынын жанрдык-тематикалык өзгөчөлүгүн, эпикалык поэзия менен акындар

чыгармачылыгында ээлеген ордун изилдөөнү максат кылган диссертациялык иш коргосо, М.Мукасовдун ушундай эле максатты көздөгөн монографиялык эмгеги жарык көргөн.

Кыргыз адабият таануу илиминин башатында турган белгилүү окумуштуулардын бири М.И.Богданова кыргыз фольклорундагы арман ырлары үч топко бөлүнөрүн айтып, бирок анын экөөнө гана түшүндүрмө берген:

а) Турмушунун начардыгы жөнүндө айтылган арман (сүйгөнү сүйгөнүнө кыянат кылуу; зордуктап күйөөгө берүү же үйлөнтүү, жалгыздык жана башкалар). Бул типтеги арманга мисал катарында төмөнкүнү келтиребиз”- деп, “Насыяга кеткен кыздын арманы” менен “Чалга берген кыздын арманын” мисалга тартса,

б) Армандардын экинчи тобу кийинки учурда таптык карама-каршылыкты тушүнгөн доордо чыккан болуп, бул армандар октябрга чейинки социалдык мамилелерге арналган.

Бул өңдүү арманга төмөнкү мисалды келтирели” ( 9-б. 54-55-б.) -деп, “Жокчулук” ырын мисалга тартат. Көрүнүп тургандай экөө тең коомдук-социалдык теңсиздиктин, жокчулуктун айынан жараланган армандар. Ал эми жеке адамдын кайгылуу тагдырына байланыштуу арман ырлары жөнүндө эмгекте сөз жок. Балким автор муну үчүнчү топтогу арман ырлары катары алган чыгар. Ал эми бир аз кийинчерек басылып чыккан З.Бектенов, М.Байжиевдин эмгегинде арман ырларына мындайча аныктама берилет: “Кедейлердин турмушундагы түрдүү кемчиликтердин, бактысыздыктардын, өкүнүчтөрдүн негизинде ырдалган муңдуу ырларды – арман ырлары дейбиз”. [10.78-б.].

Демек, өткөн замандагы кедейлердин бактысыз турмушунан улам гана арман ырлары пайда болгон дегендей ой жаралат. Ушуга жакын ойду кийинки эмгектердин айрымдарынан да учуратабыз. Маселен, С.Мусаев, Ж.Таштемиров тарабынан жазылган окуу китебинде Совет бийлиги орногондон тартып мурда азап тартып, жабыркап жүргөн эмгекчилер эми “кайгы-капасыз өмүр сүрүүнүн улуу жолуна киришти. Ушуга байланыштуу мурунку арман ырлар да эмгекчилердин көңүлүнөн унут калды” десе [1.18-б.], кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына арналган көлөмдүү “Очеркте” “Азыркы мезгилде арман ырлары айтылуудан калды. Себеби кыргыз эли жашап жаткан социалдык түзүлүш, оокаттуу турмуш, тең укуктуулук арман ырынын пайда болушуна негиз бербейт” – деп жазылат. [7.139-б.]. Албетте мындай пикир заманга, жашоо-турмушка карата наразычылыктан улам жаралган арман ырлары жөнүндө айтылышы мүмкүн. Бирок, адамдын жашоо-турмушун, өмүр-тагдырын дайыма жандап, коштоп жүргөн элдик ырлардын катарында адамды кайгы-муңга салган түркүн мотивдеги арман ырлары да бар эмеспи.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын да орун алган арман ырларынын тематикасы өтө кеңири. Өткөн заманга мүнөздүү социалдык теңсиздиктен улам өз укугуна ээ боло албай, бай-манаптын эзүүсүндө калган, малай жүрүп жан баккан, жокчулук турмуштун азабын тартып күн көргөн жалчы, кедей-кембагалдардын арманы, айрыкча, көп аял алуу, жаш кыздарды калыңга сатуу өңдүү эски үрп-адаттардын натыйжасында колдон-колго өтүп,

өз теңине жетпей кор болгон кыздардын арманы, жеке адамдын өмүрүнө, жашоо-тагдырына байланыштуу жаралган карылык арманы, кесел адамдын арманы, майыптын арманы, сокурдун арманы, баласыздыктын арманы, жалгыздык арманы, жетимдик арманы, жакын адамынан айрылган адамдын арманы, жаман аял алган кишинин арманы, анан да адамды азапка салган ар кандай трагедиялуу турмуштук кырдаалдар же кайгылуу тарыхый окуялар шарттаган түрмөдөгү адамдын арманы, саясий куугунтукка алынган адамдын арманы, жакын адамынан айрылган адамдаын арманы, жаман аял алган кишинин арманы, махабат арманы, Уулу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги армандар, тарыхый инсандардын арманы, тамсил мүнөзүндөгү армандар, акындар поэзиясындагы армандар, элдик эпостордогу эпикалык каармандардын арманы сыяктуу толгон арман ырлары бар. Байкалып тургандай арман ырлары барып-келип эле жеке адамдын башына түшкөн ички муң-зарын, азапка салган арманын баяндайт. Ушундан улам арман ырларын тематикалык мазмунуна карай негизинен үч топко бөлсө болот: биринчиси, коомдук-социалдык теңсиздиктен улам пайда болсо, экинчиси, жеке адамдын керт башына, өмүр-тагдырына байланыштуу. Үчүнчү топтогу арман ырлары кандайдыр бир кайгылуу тарыхый окуялардан улам жаралат. Кедейчилик, жокчулук турмуш, аялзатынын теңсиздиги “Жокчулук”, “Койчунун арманы”, “Чалга берген кыздын арманы”, “Насыяга кеткен кыздын арманы” сыяктуу арман ырларынын пайда болушун шарттаса, карылык, баласыздык, майыптык, оору-сыркоо, жетимдик, жалгыздык жөнүндөгү арман ырлары жеке адамдын кейиштүү тагдырына байланышкан.

Өткөн замандын коомдук-тарыхый шартында кыйынчылык, жокчулук турмуш, бей-бечара, кедей-кембагалдардын тагдырына туш келип, алардын жүрөк сыздаткан армандуу жашоосу поэтикалык ыр саптарына айланган. Ушундай социалдык мазмундагы арман ырларынын ири алдында “Койчулардын арманы” турат. Көчмөн турмушта күн кечирген кыргыз эли негизинен мал чарбачылыгы менен алектенип, айрыкча, түйшүктүү оор эмгекти талап кылган кой чарбачылыгына жакын болгону белгилүү. Жакырчылык турмуш жанына баткан карапайым калк мындай ишке кабыргасы ката элек жаш балдарын малайлыкка берүүгө аргасыз эле.

Койчу болдум башынан,
Кордукту көрдүм жашымдан.
Кошомат кылып кой бактым,
Курсагымдын ачынан.
Чокоюм буттан суурулуп,
Чор болду таман туурулуп.
Чой-чойлоп жүрүп өлөмбү,
Чокудан бир күн буулугуп....

Ырдын көлөмү чакан болгону менен анда терең мазмун жатат. Жаштайынан байларга жалчы жүргөн ач-жылаңач койчунун көргөн кордугу, муңкана зардап айткан арманы турмуштун дал өзүндөй көз алдыга тартылат. Тамтыгы чыккан чокой-чарыгы буттан суурулуп, чор болгон

таманы туурулуп, чой-чойлоп чокуда жүрүп келген койчуга бай-байбиченин жасаган ырайымсыз мамилеси да даана көрүнөт.

Эшикке жатсам эчки капыр тебелейт,
Үйгө жатсам, байбиче капыр жемелейт.
Тезек тер деп кап берет,
Үйгө кирсем көсөө менен тап берет. [1.35-б.]

Бул арман жалан эле койчулардын жашоо ал-абалын эмес, ошол мезгилдеги жалпы калайык-калктын турмуш абалы. Эл турмушу мыкты болсо, жаш балдар малай жүрүп, арман айтпас эле. Бул кедей-кембагалдардын өз башынан өткөрүп жаткан турмуш чындыгы. Жанга баткан жокчулук коркөм формада ырга айланды. Армандуу койчу санаа тартат, эркиндик эңсейт, бирок ал азаттык, эркиндик жолун издебейт, билбейт да. Ырас, койчулардын турмушун баяндаган арман ырларынын дагы биринде:

Аттиң-ай бай-манапты бүт талкалап,
Азаттык колго берсем атаганат... [1.38-б.].

деген ыр саптарын жолуктурабыз. Демек, койчунун коомдук аң-сезими ойгонуп, арман ыры форма жагынан эле өзгөрбөстөн, мазмуну да жаңыланып, бай-манап эзүүсүнөн кутуулунун жолун издеп, азаттык жөнүндө ойлоно баштайт.

“Койчунун арманына” жакын турган социалдык мазмундагы ырлардын дагы бири – “Жокчулук” арманы санат-терме ырларына жакын. Анткени мында да жашоодо жан кейиткен “Жокчулук” көрүнүштөрү саналып, терилип айтылат. Бирок санат-терме ырлары таалим-тарбия берчү дидактикалык мүнөзгө ээ болсо, “жокчулуктун” мазмуну – арман.

Ат мингизбей алыска,
Жөө бастырды, жокчулук.
Ачкалыктан каруу жок,
Өң аздырдын, жокчулук.
Бай-манапка сүйлөтпөй,
Коркок кылдың, жокчулук.
Беш айчыктуу кызыл тон,
Кийгизбедиң, жокччулук.
Безелентип боз жорго,
Мингизбедин, жокчулук.
Жайы-кышы бир койго,
Жалдантасың, жокчулук.
Таманымды жоорутуп
Жара кылдың, жокчулук.
Тартканымды жашымдан,
Санаа кылдың, жокчулук...

Жайдын күнү жамаган,
Тон кигиздиң, жокчулук.
Жаман чокой, жаргак шым,
Чом кийгиздиң, жокчулук.
Жалдыратып байларга,
Жалчы кылдың, жокчулук.
Бүтүн жанды кемитип,
Жарты кылдың, жокчулук... [1.137-б.]

Уруучулук-феодалдык доордогу кембагалдардын жакырчылык турмушу түркүн варианттагы "жокчулук" ырларын жараткан. Мындай арман ырлары айрыкча акындар поэзиясында кеңири тараган. Изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда актаңдай акын Калык Акиевдин чыгармачылыгында бул тема классикалык деңгээлге чейин көтөрүлгөн. [2.71-б.]. Окумуштуу-фольклорист С.Закиров арман ырларында эки чоң идея көтөрүлөрүн айтат: биринчиси, жокчулук "жаш өмүрдү карытат, ийилбес башты ийилтет", экинчиси, "ошол заманга каргыш наалат айтылган" [4.59-б.]. Элдик түшүнүккө караганда, "жокчулук" бул жараткандын башка салганы, "Зарданамын ар убак, Ырайым кылгын кудайым, Алым начар ушул чак" [1.39-б.] – деп, жараткандан жардам күткөндөн башка арга жок, андан арылуунун деле амалын таппайт. Бирок, "бирде бар да, бирде жок..." дегендей жокчулук түбөлүктүү эмес.

**Адабияттар**


1. Арман ырлары жана "Ак Мөөр". "Эл адабияты" сериясы. 22-том. / Баш сөздөрүн жазгандар: Ж.Байтерекова, Б.Кебекова. /Түз. /: А.Акматалиев, Ж.Байтерекова, Н.Ыйсаева. – Б.: Шам, 2003. 500 б.
2. Мукасов М. Дин жана арман ырлары. –Б.: 2001. –140 б.
3. Закиров С.,Токомбаева А. Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү. – Ф.: Илим, 1964. –97 б.
4. Закиров С. Армандардын пайда болушу / Закиров С. Эл чыгармачылыгы – эл кенчи. –Ф.: Кыргызстан, 1981. 36-51-б.
5. Танаев Т. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар:1-китеп.– Ош, 1998. –162 б.
6. Байтерекова Ж.С. Кыргыз арман ырларынын көркөмдүк кубулушу. / Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты. –Б., 2002. –26 б.
7. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. –Ф.: Илим, 1973.–705 б.
8. Мамыров М. Арман ырлары. - Кут билим , –2010, 9-июль, 12-б.
9. Богданова М.И., Жакишев Ө., Саманчин Т., Рахматуллин К.А. Кыргыз адабиятынын очерктери. – Ф.: Кыргызмамбас, 1943. - 279 б.
10. Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты. Фольклор. Орто мектептин 8-классы үчүн

окуу китеби. – Ф.: Кыргызмамбас, 1949.
11. Абдыразаков А. Төкмөлүк жана көркөм чыгармачылык. –Б.: КМУУ, 2002.
12. Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары. / Түзгөн: Т. Абдыракунов. –Ф.: Илим , 1973. -350 б.
13. Санат, насыят жана эмгек ырлары. "Эл адабияты" сериясы. 24-т./Түз.: Р.З. Кыдырбаева, Н.О.Нарынбаева, С.Егимбаева. –Б.,.: Шам, 2003. - 364 б.
14. Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. "Эл адабияты" сериясы. 19-том. / Түз. жана баш сөзүн жазгандар: С. Эгембердиева, А.Акматалиев. – Б.: Шам, 2002. 544 б.
15. Кожобекова Н. Элдик оозеки чыгармадагы тарбиянын таасири. БМУ Жарчысы, № 3. –Б., 2018. – 258-б.